| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br><br>**“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**19-декабрь 2025-жыл № 4** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 04.12.2025-жылдагы № 10-6/820 сандуу катындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесинин негизинде 2025-жылдын азыркы мезгилге карата бекитилген кирешелеринин планына салыштырмалуу пландан ашыкча аткарылгандыгы боюнча, айыл өкмөтүнүн КЭББ Э.Абдураимовдун билдирүүсүнө негиз, Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектеги XVI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү салыктарынын киреше бөлүгүнүн бекитилген планы ашыкча аткарылгандыгына салыштырамалуу 1700,0 (бир миллион жети жүз миң) сомго аткарылгандыгы эсебинен: 2025-жылга бекитилген киреше булактарына 14152600-беренесине КБФ ижара акысы боюнча 1700,0 (бир миллион жети жүз миң) сомго көбөйтүү жагы жактырылсын.
2. Ал эми Кыргыз Республикасынын бюджеттик Кодекисинин 130-беренесине ылайык жергиликтүү бюджеттин баланстуулугун сактоо үчүн 2025-жылдын жылдык кирешелер бөлүгүнүн планына тактоого киргизилген кошумча кирешелер, айыл өкмөтүнүн муктаждыктарына карата чыгаша бөлүгүнүн 70111-аппарт башкармалык 2211 сапар чыгым беренесине – 100,0 миң сом, 2721-беренсине 400,0 сом, 70629 коммуналдык чарба бөлүмүнө 2221 бөлүмүнө – 500,0 миң сом, курулуш 3111 бөлүмүнө 700,0 (жети жүз миң) сом, жалпысы болуп 1700,0 (бир миллион жети жүз миң) сом чыгаша бөлүгүн көбөйтүү жагы жактырылсын.
3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.
4. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кенеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.
5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**